**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР**

---

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 7- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2025-жылдын 28-апрели №39 Оргочор айылы

**Султангалый Молдокматовдун ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Оргочор айыл аймагындагы Тилекмат айылынын 0,10 сотых участкасындагы Жаңы конуш-3 көчөсүнө Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу Султангалый Молдокматовдун ысымын ыйгаруу боюнча Жаңы конуш-3 көчөсүнүн жашоочуларынын макулдугунун негизинде, уулу Молдокматов Жылдызбектин кайрылуусу угулуп жана талкууланып, Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына карата жергиликтүү кеңеш **токтом кылат:**

1. Тилекмат айылынын Жаңы конуш-3 көчөсүнө Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу Султангалый Молдокматовдун ысымы ыйгарылсын.

2. Султангалый Молдокматовдун ысымы ыйгарылган көчөдөгү ар бир үйгө көчөнүн аталышы жана номер тагылган табличкаларды жасатып тагуу, ошондой эле көчөнү көрктөндүрүү, жарыктандыруу, жашылдандыруу жана санитардык тазалоо иштерин көзөмөлгө алуу Султангалый Молдокматовдун балдарына, бир туугандарына, неберелерине тапшырылат.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы №122 токтомунда белгиленген календардык пландын негизинде калктуу конуштардын жана көчөлөрүнүн аттарын өзгөртүп атоону токтотуп туруу 2025-жылдын 25-ноябрына чейин токтотулганы эске алынсын жана Султангалый Молдокматовдун балдарына, бир туугандарына, неберелерине эскертилсин.

4. Султангалый Молдокматовдун ысымы Тилекмат айылынын Жаңы конуш-3 көчөсүнө ыйгаруу боюнча токтом 2025-жылдын 01-декабрында күчүнө кирсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин "Социалдык маселелер" боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**